***DOI:10.26104/NNTIK.2023.78.99.062***

***Файзуллаева Г.А., Жаңыбай кызы Ж.***

# СТУДЕНТТЕРДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

***Файзуллаева Г.А., Жаңыбай кызы Ж.***

# РАЗВИТИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ СТУДЕНТОВ

***G. Faizullaeva, Zhanybai kyzy Zh.***

# DEVELOPMENT OF PROFESSIONAL COMPETENCE OF STUDENTS

*УДК: 37.047 (575.2) (04)*

*Азыркы демократиялаштырылган коомдо билим берүү системасы социалдык, өндүрүштүк жана рыноктук кайра түзүүлөрдүн контекстинде өнүгүп жатат. Мурда жогорку кесиптик билим берүүнүн максаттары салт катары бүтүрүүчү ээ болууга тийиш болгон билимдердин топтому менен аныкталчу. Бирок азыр билим берүү системасында бул жетишсиз. Анткени бүгүнкү күндүн талабына ылайык кесиптик ишмердикке кирүүгө даяр, турмуштук жана кесиптик проблемаларды практикалык чечүүгө жөндөмдүү бүтүрүүчүлөр керек болууда. Бул болсо, көбүн эсе жогорку окуу жайда алынган билимдер эле эмес, кээ бир башка кошумча сапаттарды шарттап турат. Аларды белгилөө үчүн билим тармагында «компетенция» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрү колдонулуп калды. Ушул терминдер билим берүүнүн учурдагы максаттарын түшүнүүгө көбүрөөк ылайыктуу деп каралып жатат. Бул макалада «кесиптик компетенттүүлүк» түшүнүгү ачылып, анын маңызы жана түзүмү каралып, мазмуну аныкталат.*

***Негизги сөздөр**: компетенттүүлүк, компетенциялар, студент, жогорку окуу жайлары, орто окуу жайлары, педагогикалык ишмердүүлүк, адистик.*

*В современном демократизированном обществе система образования развивается в условиях социальных, производственных и рыночных преобразований. Раньше цели высшего профессионального образования традиционно определялись набором знаний, которыми должен был обладать выпускник. Однако в нынешней системе образования этого недостаточно. Потому что в соответствии с требованиями сегодняшнего дня необходимы выпускники, готовые к вступлению в профессиональную деятельность и способные к практическому решению жизненных и профессиональных задач. Для этого в большинстве случаев необходимы не только знания, полученные в высшем образовании, но и некоторые другие дополнительные качества. Для их обозначения в сфере образования используются понятия «компетенция» и «компетентность». Эти термины считаются более подходящими для понимания текущих целей образования. В данной статье вводится понятие «профессиональная компетентность», рассматривается ее сущность и структура, определяется ее содержание.*

***Ключевые слова**: компетентность, компетенции, студент, высшее учебное заведение, среднее учебное заведенеие, педагогическая деятельность, специальность.*

*In a modern democratized society, the education system is developing in conditions of social, industrial and market transformations. Previously, the goals of higher professional education were traditionally determined by the set of knowledge that a graduate should have. However, this is not enough in the current education system. Because, in accordance with the requirements of today, graduates are needed who are ready to enter into professional activities and are capable of practical solutions to life and professional problems. For this, in most cases, not only knowledge acquired in higher education is required, but also some other additional qualities. To designate them in the field of education, the concepts of «competence» and «competence» are used. These terms are considered more appropriate for understanding current educational goals. This article introduces the concept of «professional competence», examines its essence and structure, and determines its content.*

***Key words:** competence, competencies, student, higher education institution, secondary educational institution, teaching activity, specialty.*

Мамлекетибизде дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүгө багытталган билим берүүнүн жаңы системасынын калыптануу учуру дале жүрүп жатат. Бул окуу-тарбиялоо процессинин педагогикалык теориясына, практикасына бир топ эле олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүү менен коштолууда. Билим берүүдө парадигмалардын алмашуусу менен буга чейинки билим берүүнүн жалпы жараянына башкача жолдор, укуктар, мамилелер жана башкача педагогикалык менталитет талап кылынууда.

Ошентип билим берүүнүн заманбап өнүгүүсүнүн бүгүнкү шартында тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө социалдык-психологиялык, кесиптик адаптациянын көндүмдөрү жана жөндөмдөрү бар бүтүрүүчүлөрдү даярдоо алдыңкы планга чыгууда. Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында окуу процесси ар бир болочок адиске фундаменталдык теориялык билимдерди гана эмес, ошондой эле практикалык кесиптик көндүмдөрдүн кеңири спектрин, ошондой эле кесиптик жактан маанилүү инсандык сапаттарды камсыз кылууга тийиш [1]. Билим берүү базар экономикасынын жана жаңы коомдун талаптарын эң адекваттуу чагылдыруунун каражаты гана болбостон, инсандын чыгармачылык, руханий керектөөлөрүнө жетишүүнүн жана калыптандыруунун жолу болуп калды. Өлкөдө билим берүүнүн негиздеринин өзгөрүшү билим берүүнүн жыйынтыгын кайра ориентациялоонун глобалдык процесси менен коштолот. Мына ушундай өзгөрүүлөрдүн натыйжасында «билим берүү», «даярдык»,

«адистештирүү» түшүнүктөрү «компетенттүүлүк», «компетенттүүлүккө негизделген мамиле» сыяктуу түшүнүктөргө алмашып жатат. Компетенттүүлүк – бул адистин кесиптик милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон билимдин, жөндөмдүн, тажрыйбанын деңгээли. Компетенттүүлүк термини биринчи жолу 1959-жылы америкалык психолог Р.Уайт тарабынан киргизилип, ал компетенттүүлүктү инсандын айлана-чөйрө менен эффективдүү өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгү деп билдирген. Сөздүн өзү латын тилинин «competere» деген сөзүнөн алынып, «салыштыруу, туура келүү» дегенди билдирет. Биринчи жолу «компетенттүүлүк» түшүнүгүн америкалык экономист Р. Бойцис тарата баштаган. Ал муну өзүнүн изилдөөсүндө иштеп чыккан, анда ийгиликтүү адисти анча ийгиликтүү эмес адистен айырмалап турган нерсе бир эле фактор эмес, мотивдерди, тажрыйбаны жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн камтыган факторлордун бүтүндөй жыйындысы экендигин аныктаган. Р. Бойцис компетенттүүлүктү адамдын белгилүү бир уюштуруучулук чөйрөдө кесиптик ишмердүүлүктүн талаптарын канааттандыра тургандай алып жүрүү жөндөмдүүлүгү деп аныктаган жана өз кезегинде каалаган натыйжага жетүү үчүн негиз боло алат деп белгилеген [2].

1970-жылдардын аягынан баштап Европанын ар кайсы өлкөлөрүндө окуунун натыйжаларын баалоо критерийлерин иштеп чыгуунун алкагында «компетенттүүлүк» термини белгиленген тапшырмаларды аткаруунун натыйжаларын жана алардын стандарттарга ылайык келүүсүн сүрөттөө үчүн колдонула баштаган. «Компетенттүүлүк» түшүнүгү субъекттин (инсандын, топтун, уюмдун) иш-аракеттерди натыйжалуу аткарууга болгон мамилесин мүнөздөш үчүн колдонулган. «Компетенттүүлүк» түшүнүгү кеңири социалдык контекстте болсо «ар түрдүү кырдаалдарга туруштук берүү жана топ менен иштөө жөндөмү» катары аныкталат. Компетенттүүлүк структурасы боюнча көп кырдуу жана татаал. Педагогикалык адабияттарда компетенттүүлүк түшүнүгүн чечмелөөдө түрдүү аныктамаларды билүүгө болот. Мисалы, компетенттүүлүк – бул маалымдуулук, адамдын ыйгарым укуктарына, билимине, тажрыйбасына ээ болгон маселелердин, кубулуштардын жыйындысы. Компетенттүүлүк анын ичинде кесиптик компетенттүүлүк белгилүү бир компетенциялар комплексинин калыптанышынын натыйжасында жеке сапат катары да өнүгөт [3].

Компетенцияларды биздин жашообуздун бардык тармактарында байкоого болот. Мисалы, юриспруденцияда кесиптик компетенция белгилүү органдын же кызмат адамынын белгиленген укуктарынын, милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын жыйындысын билдирет. Бул укуктук субъектилердин жана объектилердин алдындагы жоопкерчиликтин да, коюлган максаттардын сакталышынын да чарасы. Профессионалдык педагогикалык компетенциялар – адамдын инсандыгын калыптандырууга багытталган тарбиялык милдеттерди эффективдүү чечүүгө мүмкүндүк берүүчү эрудицияга, эмгектик чеберчиликке жана авторитетке негизделген мугалимдин сапаттары.

Компетенттүүлүк түшүнүгүн дагы да болсо ар кандай көз караштардан карап көрүүгө болот. Билим берүү процессинин көз карашынан тереңдетип караганда, компетенттүүлүк – бул биринчи кезекте сезилип, иш жүзүндө колдонула турган окутуунун натыйжасы. Модулду окуунун жүрүшүндө студенттер белгилүү бир компетенцияларды – конкреттүү билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүшөт. Бул белгилүү деңгээлдеги билим жана көндүмдөрдү иш жүзүндө өз алдынча колдонуу менен студенттер убакыттын өтүшү менен профессионалдык тажрыйбага ээ боло алышат. Кесиптик ишмердиктин көз карашынан алганда компетенттүүлүк – бул билимдин, жөндөмдүн, тажрыйбанын системасы, кесиптик милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарууга даяр болуу деңгээли. Дал ушул деңгээл адистин компетенттүүлүгүн жана алынган маалыматтын, билимдин жана көндүмдөрдүн теориялык арсеналын практикада колдонууга даяр же даяр эмес экендигин аныктайт. Кесиптик компетенттүүлүк баалуу мотивация сыяктуу маанилүү компоненттерди эске алат. Алар: кесипке баалуу мамиле, профессионал катары өзүнүн инсандыгын көрсөтүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүү, билимди жогорулатууга түрткү, өзүн-өзү өркүндөтүү зарылчылыгы ж.б.

Учурда орто жана жогорку окуу жайларда билим берүүнүн маани, мазмунун жаңылоонун же кайра түзүүнүн компетенттүү мамилеси базалык компетенциялардын фундаменталдуулугу, универсалдуулугу, интегративдүүлүгү, вариативдүүлүгү, практикалык багыттуулугу, калыптануу принциптеринин негизинде студенттердин компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. Бул иште окутуучуларга коюлган талаптар да абдан күчөгөн. Компетенттүүлүк тууралуу орус окумуштууларынын бир топ эмгектери бар. Алардын ичинен И.А. Зимняя компетентүлүк дайыма компетенциянын актуалдуу көрүнүшү экенин белгилейт жана компетенттүүлүккө негизделген мамиле билим берүү процессинин жеке прогматикалык, ошондой эле гуманисттик багытын күчөтүү катары мүнөздөлөт. Ал эми А.В. Хуторской билим берүүгө карата социалдык жана инсандык буйуртма ортосундагы маселени актуалдуу деп белгилеп, аларды оптималдуу айкалыштырууга жетишүү үчүн компетенттүү мамилени киргизүү зарыл экенин айтат. Г. Селевко билим берүүдө компетенттүү мамилени заманбап көп факторлуу социалдык-саясий, рыноктук-зкономикалык жана маалыматтык коммуникациялык мейкиндик шартында жашап кетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү же

болбосо жалпы компетенциялар комплексине ээ болуучу артыкчылыктуу билим берүүнү, шарттарды түзүүнү билдирет. А.А. Карманов маанилүү же негизги компетенцияларды универсалдык билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн, студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгүнүн жана жеке жоопкерчилигинин тажрыйбасынын жалпы тутуму катары аныктайт [4, 69-71-бб.].

Чындыгында компетенттүү адис болуу үчүн студент белгилүү бир компетенцияларды өздөштүрүүсү керек. Ошондуктан да жогорку жана орто окуу жайлары студенттерди окутуу жана тарбиялоо, кесипке даярдоо үчүн жооптуу. Ошондой эле билим берүүнүн сапатын, башкаруу системасын өркүндөтүүдө эркин ой жүгүрткөн, активдүү, социалдык жактан ыңгайлашкан инсанды өнүктүрүү үчүн бардык шарттарды түзүүсү абдан маанилүү. Студенттерди келечектеги түрдүү тармактагы адистерди даярдоонун негизи катары окуу жайларда ар бир кесип, адистик боюнча негизги компетенциялардын комплексин калыптандыруу зарыл. Негизги компетенцияларды калыптандыруу билимди, көндүмдөрдү, баалуулуктарды, жөндөмдү, тажрыйбаларды ж.б. байланыштырууга аны практикада кеңири колдонууга мүмкүндүк берет. Билимди жана тажрыйбаны өздөштүрүүнүн натыйжасы катары компетенттүүлүк жөнүндө сөз кылганда, бул билим, көндүм жана тажрыйба кандай болушу керек экендигине басым жасалат.

Биздин изилдөөбүздө «кесиптик компетенттүүлүккө» басым жасайбыз, анткени ал адамдын ажырагыс сапаты болгону менен жалпыланган таяныч моделине ээ. Кесиптик компетенциялар болуп төмөнкүлөр саналат:

– кесиптик иштин маселелерин чечүүдө практикалык тажрыйбанын, көндүмдөрдүн жана билимдердин негизинде ийгиликтүү аракеттенүү;

– белгиленген стандарттарга ылайык милдеттерди аткаруу үчүн жетиштүү квалификация жана жөндөмдүүлүк;

– инсандын адекваттуу же жетиштүү физикалык, интеллектуалдык, жеке сапаттары;

– билимин, жөндөмүн, жүрүм-турумун камтыган квалификациялуу жана белгилүү бир ролду аткарууга жөндөмдүү болуу [5, 11-10-бб.].

Кесиптик компетенттүүлүктүн маңызы жалпы билим берүүнүн негизинде инсан жана коом үчүн эмгек ишмердүүлүгүнүн конкреттүү түрлөрүндө өзүн толук ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү кесиптик жактан маанилүү сапаттарды калыптандырууда турат. Кесиптик компетенттүүлүк адистин билимине карата жалпы талаптарды белгилеген мамлекеттик стандартка ылайык аныкталышы мүмкүн. Кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу билим берүүнүн мазмуну аркылуу ишке ашырылат, ал билим берүү предметтеринин тизмесин гана камтыбастан, билим берүү предметтеринин каражаттары аркылуу өздөштүрүлө турган мазмун, ошондой эле предметти өздөштүрүү процессинде калыптанган кесиптик чеберчиликтер. Мунун баары чогуу инсанды калыптандырат жана өнүктүрөт. Ошентип, студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн бардык шарттарды төмөнкү топторго бириктирүүгө болот:

– Уюштуруу-педагогикалык (факультеттин окуу планы, графиги, компетенттүүлүк деңгээлин аныктоо критерийлерин иштеп чыгуу, сабактарды материалдык-техникалык жактан жабдуу);

– Контенттик (сабактын мазмунун тандоо, ар кандай курстарды интеграциялоо, алдыңкы идеяларды бөлүп көрсөтүү);

– Технологиялык (контролдоо жана баалоо, окутуунун активдүү формаларын уюштуруу, компетенцияга кирген көндүмдөрдүн топторун аныктоо, инновациялык технологияларды колдонуу);

– Акмеологиялык (максат коюу, студенттердин өнүгүүсүнүн диагностикасы, стимул системасы, мотивация жана стимул системасы, компетенттүүлүктү баалоо критерийлерин аныктоо, ар бир сабактын рефлексивдүү-баалоо этабы).

Немецтик билим берүү системасынын жогоруда белгиленген шарттарды 1996-жылы компетенттүүлүк мамилесинде камтыгандыгын көрүүгө болот. Алар профессионалдык окутуунун окуу планына акцент жасоо менен профессионалдык-техникалык компетенттүүлүктү гана эмес инсандык, социалдык компетенттүүлүктү да көрсөтүшкөн [6]. Анткени бүт эле өлкөлөрдө окуу жайлар бүгүн бүтүрүүчүнүн эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү болууга жана андан ары кесиптик өзүн-өзү өркүндөтүү максатында тандап алган кесиптик чөйрөсүндө жигердүү кошулууга мүмкүндүк берүүчү кесиптик компетенттүүлүктүн белгилүү деңгээлин калыптандырууну болжолдойт [7]. Кыргызстанда болсо билим берүү тутумун өнүктүрүүдөгү стратегиялык багыттар катары кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн квалификациянын улуттук тутумун калыптандыруу (кесиптик билим берүү тутумунун улуттук жана эл аралык эмгек рыноктору менен өз ара аракеттенүү механизмдерин иштеп чыгуу), орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун сапатын жана билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу (жумуш берүүчүлөрдү билим берүү мекемелери менен өз ара аракеттенүүгө тартуу ж.б.) каралган. Ошондой эле 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн программасында белгиленип, жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасы (аккредитациялык агенттиктер, ар кандай факторлорду айкалыштыруу аркылуу жождорду ранжирлөө) күтүлүүчү натыйжаларда көрсөтүлгөн.

Кыргызстанда дагы билим берүүнүн компетенттүүлүккө негизделген жолуна өтүүдө окутуучунун

ролунун жана функциясынын өзгөрүшү келечектеги кесипкөй кадрларды даярдоо боюнча ошол эле программалардын, окутуунун планын, окутуунун мазмунун, окуу китептеринин, окуу куралдарынын, билим берүү стандарттарынын кесиптик өнүгүү траекториясынын өзгөрүшүн талап кылып жаткандыгын изилдөөчүлөр белгилешет [8].

Жогорку жана орто окуу жайларда окуу адамдын социалдашуусунун эң маанилүү жашоо этабы болуп саналат жана студенттерге өзүнүн жашоодогу ордун түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ал эми аныкталган педагогикалык шарттарга ылайык студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптаныдруу процесси анын окуу жайдын бүтүрүүчүсүнүн кесиптик ылайыктуулугунун деңгээлине карата индивидуалдуулугун аныктоого мүмкүндүк берет. Компетенттүүлүк билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн белгилүү бир жыйындысын билдирүү менен, ар кандай турмуштук кырдаалдарда колдонууну болжолдойт. Өз кезегинде бул чечмелөөбүз компетенттүүлүк практикалык ишмердүүлүктө гана көрүнө тургандыгы маанилүү.

**Адабияттар:**


1. Гильмиярова С.Г., Гарипова Ф.М., Тихонова Л.В., Асмондьяров Т.Н. Формирование профессиональной компетентности студентов колледжей. Научно-педагогическое обозрение. Pedagogical Review. 2017. 1 (15).
2. Армстронг М. Практика управления человеческими ресурсами. - Книга издательства «Питер», 2004. - С. 825с. - 8-е изд. URL: http://uchebnik.online/upravlenie-personalom-uch/ponyatiya-kompetentnosti-kompetentsii-28628.html
3. Георге И.В. Формирование профессиональных компетенций студентов образовательных организаций высшего образования на основе организации самостоятельной работы: монография. – Тюмень: ТИУ, 2016. – 143 с.
4. Сыдыкбаева М.М. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин тилдик компетенцияларын калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери (юрист адистиктеринин мисалында). – Б., 2017. - 293 б.
5. Симонова И.Н. Формирование и развитие профессиональной компетентности студентов в условиях информационное кологической образовательной среды технического вуза: моногр. – Пенза: ПГУАС, 2014. – 120 с.
6. Чернышева Л.И. Зарубежный опыт развития компетентностного подхода. Креативная экономика. 2010. №1. https://cyberleninka.ru/article/n/zarubezhnyy-opyt-razvitiya-kompetentnostnogo-podhoda
7. Барангулова С.М. Педагогические условия формирования профессиональной компетентности студентов технического вуза через научно-исследовательскую деятельность / Текст: непосредственнный. // Молодой ученый. - 2012. №7(42).-URL: https://moluch.ru/archive/42/5107/
8. Сыдыкбаева М.М., Жолдошбекова А.Ж. Тил үйрөтүүнүн мазмунун жаңы шартта компетенттүүлүккө негиздеп окутуу. Электронный научный журнал «Биология и интегративная медицина» № 6 – ноябрь-декабрь (53) 2021.
9. Калдыбаева А.Т. Роль непрерывной практики в формировании профессиональной компетентности студентов. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 5-1. С. 153-155.